Бир адам Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мусулманчылыктын жакшысы кандай болот?" - деп сурады эле, ал: Муктаждарды тойгузасың, таанышка да, бейтаанышка да салам айтасың" - деди

Абдуллах бин Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Бир адам Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мусулманчылыктын жакшысы кандай болот?" - деп сурады эле, ал: Муктаждарды тойгузасың, таанышка да, бейтаанышка да салам айтасың" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Исламдын кайсы өзгөчөлүгү абзел? - деп суралды. Ал эки өзгөчөлүктү айтты: Биринчиси: жакыр адамдарды көбүрөөк тамактандыруу. Буга садага кылуу, белек берүү, конок тосуу, той кылуу, ж.б. кирет. Айрыкча кымбатчылык жана ачарчылык учурларда адамдарга тамак берүү артыкча (сооптуу) болот. Экинчиси: бардык мусулмандарга, аларды таанысаң да, тааныбасаң да салам айтуу.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5808

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee